**«БЕКИТЕМИН»**

**С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин илимий иштер боюнча проректору, филология илимдеринин доктору, профессор Жантаев А.С**

_____ ___________________ 2022-ж.

**Баялиева Айсулу Суютбековнанын «Болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо демократиялуулук салттарды колдонуунун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы боюнча жетектөөчү мекеме – С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин педагогика жана окутуунун технологиясы кафедрасынын**

## ПИКИРИ

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Бүгүнкү коомдук карым катнаштар жаштар арасындагы кризистик абалдан чыгуу, конфликтен кызматташуу жолдоруна баруу, билим берүүнүн гуманизацияланышын, инсандын укуктук жана адептик маданиятынын чыңдалышын жана коомдогу демократиялуулукка тарбиялоонун маанисинин жогорулашын талап кылат.

Болочок мугалимдерди демокартиялык салттарга, өзгөчө элдик педагогикадагы каада-салттардын демократиялуулук мааниси жана аларды колдонуу маселеси атайын педагогикалык изилдөө предмети катары карала элек. Кыргызстанда демократиялык процесстердин кеңири жайылып бара жаткандыгына карабастан, болочок мугалимдерди өзгөргөн шартта иштей билүүгө даярдоонун педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү изилденбеген; кыргыз элдик педагогикасында демократиялык салттардын жетиштүү болгондугуна карабастан, аларды болочок мугалимдерди даярдоодо атайын педагогикалык каражат катары каралбаган; келечек муундарды улуттук каада-салттар аркылуу демократиялуулукка тарбиялоо талабы менен ЖОЖдордо болочок

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 68 «4» 04 2022 ж/г



Окум. катчы:

мугалимдерди бул багытта даярдоонун теориялык негиздеринин жана методикалык жолдорунун иштелип чыккан эмес.

Белгиленген көйгөйдүн илимий негизде чечилбей келе жаткандыгы бүгүнкү ааламдашуунун жана маалымат технологиялары өнүккөн кезде билим берүү системасын жаңылоо, кыргыз элинин улуттук көрөңгүлөрүн, рухий-демократтык баалуулуктарын көтөрүп чыгуу жана аларды заманбап шарттар менен айкалыштыруу аркылуу болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоо милдеттери актуалдашуусу бул диссертациялык ишти маанилүү жана абдан олуттуу проблемага арналган деп тыянак чыгарууга болот.

**2. Илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негиздүүлүгү.** А.С. Баялиеванын диссертациялык ишинде берилген изилдөөнүн обьектиси, предмети, максаты, милдети, изилдөө методдору, изилдөөнүн илимий жаңылыгы, практикалык маанилүүлүгү негиздүү деп эсептөөгө болот.

**3. Изилдөөнүн милдеттери жана алардын чечилиши:**

1. Болочок мугалимдерди демократиялуулук каада-салттар аркылуу кесиптик жактан даярдоонун илимий-теориялык негиздерин аныктоо. Изилдөөдө ааламдашуу шартында болочок мугалимдерде демократиялуулук баалуулуктарын калыптандыруу, кийинки келечек ээлерин дүйнөлүк тенденцияларга ылайык тарбиялоодо демократиялуулук каада-салттарынын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн ача билүү бирден бир актуалдуу педагогикалык багыт болуп эсептелет деген ой бекемделген.

2. Жаштарды демократиялуулукка тарбиялоодогу кыргыз элинин каада-салттарынын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн ачып көрсөтүү экинчи милдет болгондуктан окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо элдик каада-салттардын таалим-тарбиялык мүмкүнчүлүгүнүн күчтүү болгону менен аларды колдонуунун педагогикалык шарттары иштелип чыккан, болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу учурдун талаптарына толугу менен жооп берүү макссатында аталган проблеманы изилдөө жана анын илимий практикалык шарттарын, жолдорун аныктоо

маанилүү социалдык-педагогикалык өбөлгө болуп саналат деп чыгарган тыянак далилдүү.

2. Болочок мугалимдерди демократиялуулукка багытталган кесиптик даярдыгын аныктоо жана аны өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу. Илимий изилдөөлөрдүн жүрүшүндө аныкталган болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн көрсөткүчтөрү жана деңгээлдери болочок мугалимдерди даярдоодо элдик демократиялык салттарды тарбиялоо процессинде колдонуунун натыйжалуулугун жогорулатууда маанилүү каражат болуп кызмат кылат.

1. Аныкталган педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү жана жыйынтыктоо максатында болочок мугалимдерде сабак учурунда жана кошумча өнүктүрүүчү “Кыргыз элдик каада-салттар жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо” аттуу кошумча өнүктүрүү программасынын окуу-методикалык комплекси түзүлүп ишке киргизилген; каада-салттарды колдонуу менен болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн арттыруунун педагогикалык шарттары, демократиялык билим берүүнүн мазмуну, калыптануу деңгээлдери, критерийлери педагогикалык эксперимент аркылуу тастыкталып, практикалык сунуштар иштелип чыккандыгы маанилүү.

**4. Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы**:

1. Кыргыз Республикасында кабыл алынган расмий документтерди, изилдөө проблемасына байланыштуу илимий булактарды, ЖОЖдордун кесиптик билим берүү тажрыйбасын талдоонун негизинде болочок мугалимдерди демократиялуулук каада-салттар аркылуу кесиптик жактан даярдоонун илимий-теориялык негиздери бүгүнкү күндөгү жана келечектеги таалим-тарбиянын приоритеттүү багыттарынан экендиги жана аталган багыттагы билим берүүнүн мазмундук, мотивациялык-дөөлөттүк, уюштуруучулук-технологиялык компоненттери аныкталды.

2. Болочок мугалимдерди демократиялуу чөйрөдө иштөөгө даярдоодо жана демокартиялык принциптерди жайылтууда кыргыз элинин

демократиялуулук каада-салттарынын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңири экендиги айкындалды.

3. Болочок мугалимдерди элдик каада-салттарды колдонуу менен мектеп окуучуларын демократиялуулукка тарбиялоо боюнча кесиптик жактан даярдоонун педагогикалык шарттары, компетенцияларынын мазмуну, деңгээлдери, көрсөткүчтөрү жана аларды баалоо критерийлери иштелип чыкты.

4. Демократиялуулук каада-салттарды колдонуу боюнча болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары педагогикалык эксперимент аркылуу тастыкталып, илимий-практикалык сунуштар иштелип чыкты.

**5. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси:** болочок мугалимдерди кыргыз элинин демократиялуулук каада-салттары аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоо процессинде алардын кесиптик жактан калыптандыруунун илимий-теориялык негиздери, педагогикалык шарттарынын иштелип чыккандыгы; болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоо процессинде элдик каада-салттардын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн ачылгандыгы; болочок мугалимдерде сабак учурунда жана кошумча өнүктүрүүчү “Кыргыз элдик каада-салттар жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо” аттуу кошумча өнүктүрүү программасынын окуу-методикалык комплекси түзүлүп ишке киргизилгендиги; болочок мугалимдер үчүн сабактардын алкагында жана педагогикалык практика мезгилинде окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо каада-салттарды колдонуу боюнча кеңештер, сунуштар иштелип чыккандыгы менен аныкталат.

Бул диссертациялык эмгектин практикалык баалуулугунун щексиздигин ырастайт.

6. **Изилдөө ишинин тууралыгы** эксперименттердин жыйынтыктары жана изилдөө иштеринин натыйжалары окуу процессинде колдонуунун ийгиликтүүлүгү менен аныкталат. Болочок мугалимдерди демократиялуулук

каада-салттар аркылуу кесиптик жактан даярдоонун илимий-теориялык негиздерин аныктоо, жаштарды демократиялуулукка тарбиялоодогу кыргыз элинин каада-салттарынын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн ачып көрсөтүү, болочок мугалимдерди демократиялуулукка багытталган кесиптик даярдыгын аныктоо жана аны өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу, аныкталган педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү жана далилдөө изденүүчү тарабынан өз алдынча аткарылды.

**7. Диссертациянын жана автореферattын мазмуну** бири бирине дал келет жана анын көлөмү, түзүлүшү Кыргыз Республикасынын илимий даражаларды изденип алуу үчүн иштелип чыккан талаптарына жооп берет.

**8. Жарыкка чыгарылган илимий-методикалык макалалар** диссертациялык изилдөөнүн темасын, багыттарын чагылдырат. Диссертациядан алынган натыйжалар диссертациялык изилдөөнүн негизги мазмунун түзүү менен бирге 16 эмгекте чагылдырылган, анын ичинен 3 макала чет элдик басылмаларда жана 6 макала РИНЦте Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан сунушталган мезгилдүү басма сөздөрдө жарыяланган.

**9. Изденүүчү А.С. Баялиеванын илимий изилдөөсүндө айрым кемчиликтер орун алган**:

1. Диссертациялык иштин темасы “Болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо демократиялуулук салттарды колдонунун педагогикалык шарттары” деп аталып, бирок тилекке каршы, чар-жайыт болуп калгандай пикир жаратат, себеби кайсы адистиктеги болочок мугалимдерди даярдоо конкреттештирилген эмес.

2. **Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболорунда** “Каада-салттарды колдонуу менен болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн арттыруунун педагогикалык шарттары, демократиялык билим берүүнүн мазмуну, калыптануу деңгээлдери, критерийлери педагогикалык эксперимент аркылуу тастыкталып, практикалык сунуштар

иштелип чыкты" – деген Жободо демократиялуулук салттарды колдонуунуда каада-салттарды колдонуу менен болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн арттыруу деп жазылса туура болмок, ошондуктан бул жобо оңдоону талап кылат.

3. Болочок мугалимдерди элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо даярдоонун моделин жана педагогикалык шарттарын ишке ашыруу жана анын эффективдүүлүгүн эксперименталдык жол менен сынап көрүү максатында 2017-2020 жылдар аралыгында Ж. Баласагын атындагы КУУнун педагогика багыттындагы педагогика жана социалдык гуманитардык илимдер факультеттеринин базасында илимий-тажрыйбалык иштер жүргүзүлүп, экпериментaлдык иштери кадимки окуу-тарбия процессинин ичинде өткөрүлдү жана жогорку билим берүүнүн бардык жылдарын камтыды деген тезис тактоону талап кылат, себеби мындан беш жыл мурда жүргүзүлгөн тажрыйбанын натыйжасы эскирип калган жокпу жана бир эле окуу жайдын базасы аздык кыла деген ойдобуз.

4. "Кыргыз элинин каада-салттары жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо" аттуу атайын курсту ЖОЖдо бардык педагогикалык адистиктерге кошумча тандалма курс катары сунуштоо негизги педагогикалык шарт катары белгиленген. Бул курс изденүүчүнүн эң негизги табылгасы болгон, бирок жеке кошумча катары көрсөтүлбөй калган.

Албетте, бул кемчиликтер диссертациялык изилдөөнүн баалуулугун төмөндөтпөйт жана ага жогорку баанын берилишине таасир этпейт.

С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин педагогика жана окутуунун технологиясы кафедрасынын жыйынынын

**Ч Е Ч И М И:**

1. Баялиева Айсулу Суютбековнанын «Болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо демократиялуулук салттарды колдонуунун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы

көлөмү, мазмуну жана түзүлүшү жагынан УАКтын кандидаттык диссертацияга коюлган бардык талаптарына толук жооп берет.

2. Изденүүчү Баялиева Айсулу Суютбековнанын «Болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо демократиялуулук салттарды колдонуунун педагогикалык шарттары» деген темадагы диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын “Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү жобонун” 10 пунктуна ылайык изденүүчүнүн жеке өзү тарабынан аткарылган илимий изилдөөсү болуп саналат, ал эми изденүүчү 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

Пикир С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин педагогика жана окутуунун технологиясы кафедрасынын 2022-жылы 4 - апрелиндеги жыйынында талкууланып № 6 токтом менен бекитилди.

**С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин педагогика жана окутуунун технологиясы кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а** **Ш.К. Султаналиева**

Доценттин м.а Ш.К. Султаналиеванын колун тастыктайм: кадрлар бөлүмүнүн инспектору

Кол тамгасын тастыктаймын:
Заверяю__________
НМУнун кадрлар бөлүмүнүн башчысы
Начальник отдела кадров
Бабаева Н.М.